*Саматова А.А., Миралы кызы А., Мурзакулов Т.*

# «САРКЕНТ» МАМЛЕКЕТТИК ЖАРАТЫЛЫШ ПАРКЫНДАГЫ КЕМИРҮҮЧҮ ЖАНЫБАРЛАРДЫН ФАУНАСЫНЫН БИОКӨПТҮРДҮҮЛҮГҮ (*Rodentia),* ЛАНДШАФТТАГЫ ТҮРЛӨРДҮН ТАРКАЛУУСУ, ТҮРДҮК КУРАМЫ, САНЫ

*Саматова А.А., Миралы кызы А., Мурзакулов Т.*

# ФАУНЫ БИОРАЗНООБРАЗИЯ ГРЫЗУНОВ *(Rodentia)* САРКЕНТСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО ПРИРОДНОГО ПАРКА, ВИДОВОЙ СОСТАВ И КОЛИЧЕСТВО ВИДОВОГО РАСПРЕДЕЛЕНИЯ ПО ЛАНДШАФТАМ

*A.A. Samatova, Miraly kyzy A., T. Murzakulov*

# FAUNA BIODIVERSITY OF RODENTS (Rodentia) SARGENT STATE PARK, SPECIES COMPOSITION AND NUMBER OF SPECIES DISTRIBUTION ACROSS LANDSCAPES

*УДК: 574:599.32.017.04*

*Бул макалада «Саркент» мамлекеттик жаратылыш паркындагы кемирүүчү жаныбарлардын фаунасынын биокөптүрдүүлүгү, түрдүк составы, саны, ландшафттагы түрлөрдүн таркалуусу жөнүндө баяндалат.*

***Негизги сөздөр:*** *ландшаф, трофика, динамика, система, кемирүүчү, консумент, эпизоотология, эпидемиология, инвазия.*

*В этой статье рассматриваются фауны биоразнообразия грызунов (rodentia) Саркентского государственного природного парка, видовой состав и количество видового распределения по ландшафтам.*

***Ключевые слова:*** *ландшафт, трофика, динамика, система, грызуны, консумент, эпизоотология, эпидемиология, инвазия.*

*This article focuses on fauna biodiversity rodents (rodentia) Sarkentskogo State Natural Park, the species composition and distribution of the number of species on the landscape.*

***Key words:*** *landshaft, trophic dynamics, system, rodents, consum er , epizootiology, epidemiology, invasion.*

Саркент мамлекеттик жаратылыш паркынын аймагындагы ар түрдүү ландшафттарда, экосистемаларда кемирүүчүлөрдүн орду чоң. Себеби, кемирүүчүлөрдүн түрлөрү тамактануусу боюнча фитофаг жаныбарларга кирет. Табиятта жаныбарлар үчүн энергиянын булагы болуп өсүмдүктөр эсептелет да, ар түрдүү трофикалык деңгээлдерди түзөт да өсүмдүктөр (продуценттер) биринчилик трофикалык деңгээлди ээлейт. Ал эми өсүмдүктөр менен тамактанган чычкан сымал кемирүүчүлөр экинчилик трофикалык деңгээлди ээлешет. Ал эми чычкан сымал кемирүүчүлөр менен тамактанган жаныбарлар үчүнчүлүк трофикалык деңгээлде турушат да экинчилик же үчүнчүлүк консументтерден болушат, ошону менен эле бирге бардык жаратылыштык системаларда кемирүүчүлөр биринчилик, экинчилик консументтерге - жырткыч жаныбарларга негизги тамактык булак болуп эсептелишет.

Кемирүүчүлөрдүн ичинен чычкан сымал кемирүүчүлөр ар түрдүү ландшафттык аймактарда сандык жагынан басымдуулук кылышат да чарбалык, эпизоотологиялык жана эпидемиологиялык жактан зор практикалык мааниге ээ болушат. Мисалы, чычкан сымал кемирүүчүлөр көптөгөн инфекциялык, инвазиялык оорулардын козгогучтарын (вирустарды, бактерияларды, курттарды) сактап, алып жүрүүчүлөрдөн болуп саналышат.

## 1. Кемирүүчүлөр – *Rodentia*

Түштүк Кыргызстандын аймагында кемирүүчүлөрдүн 15 түрү кездешээри аныкталган. (Б.К. Кулназаров, 2008). Биздин изилдөөлөрүбүздүн негизинде Саркент мамлекеттик жаратылыш паркынын аймагында 10 түрү кездешээри далилденди.

**1.1. Кызыл суур – *Marmotacaudata Geoffroy, (1842-1843).*** Кызыл суур Түштүк Кыргызстандын аймагында негизги фонддук түрлөр катарында аныкталган. (Н.А. Северцов, 1873; Б.А. Кузнецов, 1948; Б.К. Кулназаров, 2008). Түштүк-Чыгыш Түркестан тоо кыркаларынын субальпы шалбааларында деңиз деңгээлинен 2000-2500 м бийиктиктерде кездешет. 1 км аянтта алардын сандык көрсөткүчү 7,3 дөн, 12,5 ке жана 1,0дөн 6,0гө чейин кездешеери далилденди. Негизинен арча токойлорунда бадалдуу токойлордо, өзөн токойлордун жээктеринде кездешет. Чээнге кирүүсү июндун аягы августтун башында (1 таблица).

*1-таблица*

**Саркент мамлекеттик жаратылыш паркынын аймагындагы ар түрдүү ландшафттарда 1 км кв аянтта кызыл суурдун (*Marmota caudata Geoffroy*) кездешүү саны (2009- 2014 жж.)**

| № | Ландшафттар | Жал. сан | 1 км$^2$ ты саны | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 |
| 1. | Альп шалбаасы | 50 | 2,1 | 3,1 | 4,21 | 10 | 5,26 | 6,31 |
| 2. | Субальп шалбаасы | 46 | 1,05 | 2,1 | 4,21 | 5,26 | 5,26 | 6,31 |
| 3. | Арча токойу | 63 | 3,68 | 4,21 | 5,26 | 6,31 | 6,31 | 7,36 |
| 4. | Өзөн токойлорунун жээгинде | 31 | 1,05 | 2,1 | 2,1 | 2,63 | 3,68 | 4,73 |

**1.2. Чүткөр - *Hystrix indica Kerr, (1792).*** Чүткөр Борбордук Азияда жана Индияда кеңир таркалган. (Н.А. Бобринский и др., 1965).

Чүткөр мамлекеттик парктын арчалуу токойлорунда, өзөн токойлорунун жээгинде жана агроценоздордо кездешээри тастыкталды (буудай, арпа, картошка). Чүткөр мамлекеттик парктын Төө жайлоодо, Гөш жайлоосунда, Ай-Көл көлүнүн айланасында, Сүт-Көл көлүнүн айланасында кездешээри аныкталды.

**1.3. Чычкан сымал кемирүүчүлөр**

Түштүк Кыргызстандын аймагында чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн 14 түрү кездешет (Б.К. Кулназаров, 2008). Саркент мамлекеттик жаратылыш паркынын аймагында чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн 10 түрү кездешээри далилденди. Алардын ичинен бийик тоо алкактарында кездешкен ландшафттарда доминанттык түр корум момолою 25,6±0,08%, ал эми субдоминанттык орунда памир момолою 18,9±0,60%, орто тоо бийиктик алкагындагы ландшафттарында доминанттык орунду токой чычканы 12,6±0,83%, ал эми тоо этегиндеги кездешкен ландшафтарда доминанттык түр үй чычканы 11,2±0,77%, субдоминанттык орунду түркестан келемиши ээледи 10,1±0,73% (2-таблица).

*2-таблица*

**Саркент мамлекеттик жаратылыш паркында кездешкен чычкан сымал кемирүүчүлөрдүн түрдүк составы жана саны (2009-2014 жж.)**

| № | Түрдүк курамы | саны ( %) |
|---|---|---|
| 1 | Токой байрак куйругу<br>Dryomysnitedula (Pallas, 1779) | 0,6±1,3 |
| 2 | Корум момолоюу<br>Alticola argentatus (Severtzov, 1879) | 25,6±0,08% |
| 3 | Памир момолою<br>Microtuscarruthersigalis (Pallas, 1778) | 18,9±0,60% |
| 4 | Кадимки момолоюу<br>Microtus (M.) arvalis (Pallas, 1779) | 6,4±2,2 |
| 5 | Кыр чеке момолою<br>Microtusgregalis Pallas, 1779 | 2,0±1,7 |
| 6 | Токой чычканы<br>Apodemus (S.) sylvaticus (Linnaeus, 1758) | 12,6±0,83% |
| 7 | Чыгыш сокур момолою<br>EllobiustancreiBlasius, 1884 | 5,3±1,4 |
| 8 | Үй чычканы<br>Musmusculus (Linnaeus, 1758) | 11,2±0,77% |
| 9 | Түркестан келемиши<br>Rattus (R) turkestanicus (Satunin, 1903) | 10,1±0,73% |
| 10 | Кескек же көк чычкан<br>Cricetulusmigratorius Pallas, 1773 | 7,3±1,2 |
| | **Баары:** | **100%** |

**1.3.1. Чыгыш сокур момолою - *Ellobius tancrei Blasius, (1884)*** Түштүк Кыргызстандын аймагында тоо этегиндеги алкактарда жана бийик тоо алкактарын 3500 м бийиктиктерде кездешет. (А.И. Янушевич и др. 1972; Б.К. Кулназаров, 2008). Негизги жашоо образын жер алдында өткөзүшөт. Чыгыш сокур момолоюна эсеп жүргүзүү жер астында жашаган кемирүүчүлөр үчүн атайын иштелип чыккан (Е.С.Сластенина, 1963) маршруттук-сызык усулунун негизинде ишке ашырылды. Бул усулга ылайык сокур момолойдун уясын казып жаткан мезгилинде түртүп чыгарылган дөңчөлөрдүн негизинде тастыкталды.

**1.4. Коён сымалдуулар.– *Lagomorpha***

Коён сымалдуулардын Түштүк Кыргызстандын аймагында үч түрү кездешет. Ошол эле учурда Саркент мамлекеттик жаратылыш паркында кездешеери тастыкталган. Кадимки коён (Lepus tolai Pallas, 1778), Чоң кулак коён чычканы (Ochotona macrotis Gunther,1875) жана кызыл коён чычканы (Ochotona rutila Severtzov, 1873).

**1.4.1. Кадимки коён - *Lepustolai Pallas, (1778).*** Бул коён мамлекеттик парктын аймагында, ар түрдүү ландшафтарда деңиз деңгээлинен 3500-3600 м бийиктиктикте кездешээри да изилдөөбүздүн натыйжасында далилденди. Алар кээ бир кокту колоттордун аймагындагы кой короолордун айланасында коркунучсуз жашап көп кездешээри далилденди. Ошондой жердин биринде сүрөткө тартып алууга мүмкүн болду. (4.5.1. сүрөт)

**1.4.2. Чоң кулак коён чычканы - *Ochotona macrotis Gunther, (1875).*** Бүгүнкү күндө Түштүк Кыргызстандын аймагында таралышы боюнча маалыматтар өтө аз, ошол эле учурда Саркент мамлекеттик парктын аймагында сейрек кездешүүчү түрлөрдүн катарына кирет. Негизинен Сүт-Көлдүн жана Бекжан көлүнүн жээгиндеги таштардын арасында кездешет.

**1.4.3. Кызыл кулак коён чычканы - *Ochotona rutila Sevrtzov, (1873).*** Кызыл кулак коён чычканы орто тоо бийиктик алкактарында Көл көлүнүн аймактарында аска зоолордон кулап түшкөн таштардын арасында кездешет. Биздин изилдөөлөрүбүздүн негизинде мамлекеттик парктын аймагында 1га жерде 3-4кө чейин кездешээри аныкталды.

**Адабияттар:**


1. Бобринский Н.К., Кузнецов Б.А., Кузякин А.П. Определитель млекопитающих СССР – М.: Просвещение. 1965. – 381 с.
2. Жундубаев К.Ш. Особо охраняемые природные территории Кыргызстана и их роль в сохранении биоразнообразия. – Бишкек 2008-ж.
3. Кулназаров Б.К. Млекопитающие юга Кыргызстана, проблемы их охраны и рационального использования: автореф. дисс...д.б.н. / Б.К. Кулназаров.- Б., 2004. - 46.
4. Мурзакматов Р.Т. Статус природных национальных парков. – Бишкек, 2008.
5. Млекопитающие Киргизии/Янушевич А.И., Айзин Б.М., Кыдыралиев А.К. и др. - Фрунзе: Илим, 1972. – 463.
6. Н.А. Северцов Вертикальное и горизонтальное распределение Туркестанских животных Н.А. Северцов Изв. любителей естествознания, антропологии и этнографии.- 1873.- Т.8, вып.2.- С. 1-157.


**Рецензент: к.с.-х.н., доцент Жанботаев Р.**